**ДОКТОР, ПРОФЕССОР КРИСТОФЕР Ж.ГЕРРИ**

**БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ**

**2024-ЖЫЛДЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН АЗЕМИ**

**15-ИЮНЬ, 2024-Ж.**

Кутмандуу күнүңүздөр менен!

Улуу урматтуу Кыргыз Республикасынын Билим жана илим Министри Доктургүл Кендирбаева!

Тажикстан Республикасынын Билим жана илим Министри Саидзода Рахим Хамро!

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Алтынбек Эргешов!

Тоолуу-Бадахшан автономдуу облусунун губернатору Мирзанабот Алишер Худоберди!

Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы доктор Шамш Кассим-Лакха!

Камкорчулук Кеңешинин мүчөлөрү!

Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы доктор Максим Хомяков!

БАУнун окутуучулары жана кызматкерлери!

Ата-энелер жана үй-бүлө мүчөлөрү!

Ардактуу меймандар!

Ошондой эле…албетте, эң өзгөчө биздин 2024-жылдагы бүтүрүүчүлөрүбүз!

……………………………………………………………………………………………..

Адегенде мен сиздердин баарыңыздарды куттуктайм! Даражага ээ болуу жана Борбордук Азия Университетинин бүтүрүүчүсү деген атка конуу – бул зор жетишкендик. Силер эмне деген гана жолдорду өткөн жоксуңар?!

Бүтүрүүчүлөрдүн аземи - бул өзгөчө саамалык. Бул төрт-беш жыл бою тырышчаактык менен билим алуунун, жеке инсандык өсүүнүн, жаңы жана бекем достук мамилелердин, ошондой эле келечекке карата үмүттөрдүн жана мүдөөлөрдүн майрамы, ошондой эле аны даңазалоо. Эчендеген окуялар силер жана силерди бул сапарда колдогондор үчүн да ушунчалык маанилүү жана сыймыктуу болду.

Бул сапарды басып өтүп, дал ушул чекитке жетиш үчүн силер өзүңөрдүн талантыңарга, акыл-зээниңерге жана ийгиликке жетүүгө болгон чечкиндүүлүгүңөргө, ошону менен катар мугалимдериңерге, курдаштарыңарга, студенттик жашоо боюнча насаатчыларыңарга,

демөөрчүлөрүңөргө жана тарапкерлериңерге, ошондой эле албетте эң маанилүүсү силердин ата-энелериңерге жана үй-бүлө мүчөлөрүңөргө таяндыңар.

Демек, бул күн тууралуу ойлонуп-толгонуп жатып, силер өз ийгилигиңерди үй-бүлөңөр жана досторуңар менен жан-дилиңерден майрамдайт, алар менен бөлүшөт деп ишенем. Алар үчүн да бул маанилүү мезгилдин бир барактарынан, андыктан бир азга ой жүгүртүү үчүн тыным жасагыла жана өзүңөрдөн сурап көргүлө: бул күн силердин апаңар, атаңар, ага-иниңер, эже-карындаш, сиңдиңер, чоң ата-чоң апа, силердин достор үчүн кандай мааниге ээ жана алар менен бирге бул күндү алардын да майрамы катары чогуу белгилегиле.

Акыйкатта, башкалардын камын ойлош жана дүйнөгө башка адамдын көз карашы менен карай билүү жөндөмдүүлүктөрү жашоодогу маанилүү көндүмдөрдөн болуп эсептелет. Бул цивилизациялуу коом болуу деген жалпы тажрыйбадан келип чыккан жана баарыбызды адам катары бириктирген байланыш экенин баса белгилейт. Эмпатия – пикир келишпестик менен талаш-тартыштын биринчи курмандыгы. Эмпатия биздин бизнестеги, өкмөттөгү жана коомдук жашообуздагы мамилелердин ийгилигин аныктайт жана далилдейт.

Мелинда Гейтс айткандай: “Эгерде башкаларга жан тартуу сезими бизде болбосо, анда биздин илимдин терең сырларын канчалык билгенибиздин эч кандай маңызы жок, биз маселени чечпей эле, болгону баш катырмалардын үстүндө иштеп жаткан болобуз”.

Адатта, сынак жарыяланып жаткан иш орунга карата техникалык милдеттемелерде эмпатия тууралуу көп сөз боло бербейт. Биз өзүбүздүн резюмеде бул касиетти күчтүү жагыбыз катары сейрек гана эске алабыз. Окутуу оңой эмес, кантсе да БАУнун программаларынын негизинде жаткан философия жана баалуулуктар аны алдыга жылдырууга багытталган. Эмпатия практиканы талап кылат. Ошол себептен силер бүгүн өз үй-бүлөңөр жана досторуңардын көзү менен бүтүрүүчүлөрдүн салтанаттуу аземин майрамдап, кандайдыр бир практикага ээ боло аласыңар деп ишенем.

…

Бүгүнтөн баштап силер билим сапарын өмүр бою улантууга жол аласыңар жана университет анын негизи экенин эсиңерге бекеп түйүп каласыңар. Көбүңөр балким үй-бүлөдө алгачкылардан болуп университетти бүтүп жатасыңар. Бүгүн мен айлана-тегеректегилерди карап туруп жана силердин келечек жөнүндө ой жүгүртүп жатып, билим алуу өлкөдөгү социалдык жана экономикалык мобилдүүлүктүн эң мыкты кыймылдаткычы экенин эскерип турам. Анткени силер азыр өз саякатыңарды улантып, жекече, мамлекеттик же коммерциялык эмес тармактарда эмгектенесиңер, же болбосо ишкердүүлүк демилге аркылуу иш баштайсыңар же аспирантурага тапшырасыңар. Силер социалдык мобилдүүлүктүн, экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жана туруктуу өнүгүүнүн булагы болгон билим берүүнүн күчтүү жактоочуларынан болот деп үмүт кылам.  Билим бул өзү кызмат көрсөтүүчүлөргө, өкмөткө жана салык төлөөчүлөргө арзанга түшпөйт. Бирок караңгылыктын баасы бир кыйла кымбат. Ошондуктан келгиле билим берүүнүн тарапкерлеринен бололу!

…

Силерге мүмкүнчүлүк берилди жана силер аны пайдаланып калдыңар, эми силерге Борбордук Азия Университетинен бакалавр даражасын ыйгаруу насип болуп жатат. Бул билим даражасы компьютердик илимдер, коммуникация жана массалык маалымат каражаттары, Жер жана курчап турган чөйрө илимдери, дүйнөлүк экономика тармактарынын ичинен бир адистиктен силерге берилип, келечектеги мүмкүнчүлүктөргө эшик ачууга жардам бермекчи. Болгондо да, силердин БАУдан алган билимиңер Ханбийке Зара Ага Хан жана доктор Шамш Кассим-Лакха өз сөздөрүндө баса белгилегендей силер тандап алган кесип боюнча жөн гана илимий даражаны эмес, андан дагы чоң нерселерди бере алды. БАУдан алган билим силердин акыл-эс жөндөмүңөрдүн жана ой жүгүртүүңөрдүн сапатын арттырууга багытталган. Биз сынчыл ой жүгүртүүгө, интеллектуалдык өз алдынчалыкты өнүктүрүүгө, кантип окуу керек экенин аңдоого жана билимге болгон суусоого жол баштайбыз.

Биз силерди ар түрдүүлүктү жана айырмачылыктарды кабыл алууга үйрөттүк, талкуулай билүүгө жана татыктуу талаш жүргүзө билүүгө, башка пикирлерге тынчтык жол менен макул эместигиңерди билдирип, өз пикириңерди далилдөөгө үйрөттүк. Биз силерге өз ой-пикириңерди системалаштырууга жана далилдерди аналитикалык, жаңычыл жана ак ниет жол менен чогулта билүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ кылууга аракет жумшадык. Биз силерди чындыкты чындык сымал нерселерден, акыйкатты акыйкат эмес нерселерден айырмалоонун шаймандары менен жабдыдык. Муну менен бирге жөн гана кимдир бирөө болгуңар келген нерсе жөнүндө эмес, чындыгында силердин ким болгуңар келе турганыңар жөнүндө ойлонууну талап кылдык. Бул сапаттар даражаны алуу менен бирге силер баалай турган жана ээ боло турган сапаттардан болуп эсептелет. Бул сапаттар азыркы барган сайын мурда болуп көрбөгөндөй тездикте кетип бараткан, балким мындан ары жайлабай турган ылдамдыктагы дүйнөнүн өзгөрүүлөрүнүн ыргагында сактап жүрө турган жана өстүрүп-өнүктүрө турган сапаттардан. Бул сапаттар ыкчам өзгөрүүлөр менен мүнөздөлгөн, туңгуюкка карай өсүп бара жаткан, дүркүрөгөн популизмдин өөрчүшү менен коштолгон жана пикир келишпестиктер күчөп, чыр-чатактар ырбап турган дүйнөдө туруктуу экономика, ийгиликтүү коом жана бир калыптагы курчап турган чөйрөнү түзүү үчүн силер тез-тез кайрыла турган сапаттардан болуп калмакчы. Бул контекстте университеттер үчүн мурда такыр болуп көрбөгөндөй акыйкатты сыйлоого, акыл күчүнө таянууга жана баалуулуктарга болгон ишеним аркылуу чечимдерди кабыл алууда негиздүү жана эстүүлүк менен ынанымдуу түрдө жана чын дилден жактоого зарылчылык туулуп жатат. Бул сапаттар университеттерди мыкты кыла алат. Дал ушул иштер БАУ жасап жаткан иштер. Биздин бүтүрүүчүлөр катары биз азыр силерди ойдон чыгарылган нерседен фактыларды, жалгандан чындыкты айырмалай билүүгө, далилдүү аргументтерди негиздөөгө, бышыкталган далилдер менен тастыкталган жана чынчылдык жана адамгерчилик менен бекемделген ойлорду айтууга чакырабыз. Эгерде силер ушуларды жасай алсаңар, анда кырдаалды да, дүйнөнү да өзгөртө аласыңар!

...

Бүтүрүүчүлөр, силер адаттан тышкары бекемдикти көрсөтө алдыңар, жаңы көндүмдөргө ээ болдуңар, бири-бириңерге жана биздин университеттик коомчулукка жан тарта билгенди

үйрөндүңөр, жаш мырзаларга жана айымдарга айландыңар, андыктан биз силер менен ар дайым сыймыктанабыз. Карьера жолунда жана жашоо сапарындагы баардык мамилелерде эмпатияны иш жүзүндө колдонгула, билим берүүнүн жактоочусу болгула, университеттерден (өзгөчө БАУдан) алган билимиңерди өмүр бою колдоно билгиле. Баарынан мурда, далилденген акыйкат жана эмпирикалык негиздер силер чечимди кабыл алууда кызмат кылышын талап кылгыла.

Дагы бир жолу куттуктайм, рахмат!